«БЕКИТЕМИН»
М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык
университетинин Илим жана инновация боюнча проректору,
айыл чарба илимдеринин доктору, доцент
_______________________Танаков Н.Т.
"__"______________________ 2024-ж.

**Ош технологиялык университетинин экономика жана каржы кафедрасынын 2024-жылдын 24-сентябрында өткөрүлгөн кеңейтилген кеңешмесинин №2/1**

**Т О К Т О М У Н А Н К Ө Ч Ү Р М Ө**

Кеңешменин төрагасы, э.и.к., доцент: Зикираев М. Т.
Кеңешменин катчысы, ага окутуучу: Кадырова Т. К.

**Катышкандар:** э.и.д., доц. Ташбаев А. М. (адистиги 08.00.05), э.и.д., доц. Токторов К. К. (адистиги 08.00.05), э.и.д., доц. Абдиев М. Ж. (08.00.05), экономика илимдеринин кандидаттары: Зикираев М. Т. (08.00.05), Усанова Ж. У. (08.00.05), Умаров С. Т. (08.00.05), Эсенбаев Н. С. (08.00.05), Астанова С. У. (08.00.05), Маметова Г. А. (08.00.05), Ташибеков Т. Ч. (08.00.05), Батыр уулу А. (08.00.05), Парпиева Ф. С. (08.00.05), Эргешов К. А. (08.00.05), Баймуратов А. А. (08.00.10), Мамашов К. А. (08.00.12), Эргешова Ч. М. (08.00.12), Алишева П. К. (08.00.12), ОшТУнун проф. Мырзаибраимов Р. М., ОшТУнун доценттери: Омошева Б. И., Жолдошов Б. Р., ага окутуучулар: Эргешбаева А. А., Дыйканова Г.А., Мамытова К. К., Касымова С. М., Орозалиева А. А., окутуучулар: Анашова Ч. Ж., Маатова З. М., Тарыкчиев З. М., Жакшылык кызы Г., Мазирбаев К. К.

**Жалпы катышкандар** – 30, добуш берүүчүлөр – 17, анын ичинен экономика илимдеринин докторлору – 3, экономика илимдеринин кандидаттары – 14.

**Күн тартибинде:**

Экономика жана башкаруу факультетинин экономика жана каржы кафедрасынын изденүүчүсү, ага окутуучу Т. Э. Керимбаеванын 08.00.05 - "Тармактык экономика" адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган **"Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)"** деген аталыштагы диссертациялык ишин талкуулоо.

**Угулду**: Күн тартиби боюнча алгач кеңешменин төрагасы э.и.к., доц. М. Т. Зикираев кеңешмени ачып берүү менен бирге катышуучуларды каралуучу күн тартибиндеги маселе менен тааныштырды жана аны бекитүү үчүн колго салды. Жыйындын күн тартиби бир добуш менен бекитилди. Андан соң изденүүчүнүн

өмүр таржымалы менен тааныштырып, Т. Э. Керимбаева ОшТУнун экономика жана каржы кафедрасында диссертациялык ишинин темасын 2021-жылы июнь айында №3-токтому менен бекитилгенин жана билими, эмгек ишмердүүлүгү, изилдөөнүн натыйжаларынын жарыялангандыгы жөнүндө кеңири маалымат берди.

Т. Э. Керимбаеванын диссертациялык ишинин темасы 08.00.05 - “Тармактык экономика” адистиги боюнча “Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)” жана илимий жетекчиси э.и.к., доцент М. Т. Зикираев дайындалган (2021-жылдын 28-июну, №3-токтому). 2022-жылдын 29-апрелинде ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин №6 жыйынынын токтому менен Т. Э. Керимбаеванын 08.00.05 - “Тармактык экономика” адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)” деген темада жана илимий жетекчиси э.и.д., доцент М. Ж. Абдиев болуп кайра бекитилген.

**Диссертациялык иштин рецензенттери:**

Токторов Кубаныч Кадырмаматович, экономика илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ кафедрасынын профессору;

Маметова Гүлназ Абдыкеримовна, экономика илимдеринин кандидаты, Ош технологиялык университетинин бизнести башкаруу жана социалдык иштер кафедрасынын доценти.

Андан соң Т. Э. Керимбаева диссертациялык ишинин негизги жыйынтыктары боюнча баяндама жасады. Баяндамада аспирант теманын актуалдуулугу, теманын өлкөдөгү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы, изилдөөнүн максаты жана маселелери айтылып, максатка жетүү үчүн каралуучу маселелер белгиленди. Изилдөөнүн предмети жана объекти, изилдөөнүн теориялык, методологиялык жана маалыматтык негиздери, ошону менен бирге негизги илимий жаңылыктары айтылып, алынган жыйынтыктардын экономикалык жана тажрыйбалык маанилүүлүгү мүнөздөлдү. Изилдөөнүн жыйынтыгында коргоого алып чыккан негизги жоболорун талкууга катышуучуларга жеткирилди. Диссертациялык иштин түзүлүшү, бөлүмдөрү жана анын мазмуну боюнча кыскача токтолуп өттү.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуу шартында экономиканын реалдуу сектору өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Реалдуу сектордун негизин өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү түзөт, ал эми соода ишмердүүлүгү анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Айыл чарбасы калкты азык-түлүк жана өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын бири болуп

эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээли анын айыл чарбасынын канчалык өнүккөнүнөн көз каранды. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпысынан тармакта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүүдө.

Айыл чарбасына инвестициялардын кыскарышы өндүрүштүк потенциалдын бузулушуна, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жактан жабдылышынын төмөндөшүнө, айыл калкынын социалдык абалынын начарлашына алып келди. Бүгүнкү күндө республиканын айыл чарбасынын үлүшү республиканын негизги капиталына инвестициялардын жалпы көлөмүндө 2,2% ды гана түзөт.

Республиканын айыл чарбасына инвестициялардын олуттуу кыскарышынын себеби айыл чарба өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгүнүн төмөндүгүнө жана тармактык жана региондук шарттардан келип чыккан жогорку тобокелдиктерге байланыштуу тармактын инвестициялык жагымдуулугунун төмөндүгү болуп саналат.

Республиканын инвестициялык климаты маалыматтык коопсуздуктун начардыгынан, инфраструктуранын өнүкпөгөндүгүнөн, аймактык инвестициялык саясаттын ачык эместигинен жана ыраатсыздыгынан, социалдык, саясий ж.б. көйгөйлөрдүн курчушуна байланыштуу мамлекеттик эмес инвестициялардын агылып келишине шарт түзбөйт.

Ошол эле учурда Ош облусу жагымдуу географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү жана салттары, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө ээ, бул аймакка айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу болууга инвестициялык артыкчылыктарды аныктайт.

Ушуга байланыштуу аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн инвестициялык жагымдуулугунун себептерин жана факторлорун аныктоо жана Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун баалоо жана аны Ош облусунун шартында жогорулатуунун жолдорун негиздөө зарылдыгы диссертациялык изилдөөнүн темасын, анын максатын, милдеттерин жана жаңылыгын толук ырастайт.

**Тематиканын иштелип чыгуу деңгээли**. Экономиканын реалдуу секторунун, анын ичинде айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана бул багытта кездешкен маселелердин иштелип чыгышы бир катар чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектеринде каралган. Экономиканын реалдуу секторуна өздөрүнүн орчундуу кошкон

салымдары үчүн төмөнкү чет элдик окумуштууларды белгилеп кетсек болот, Дж. Стиглиц, Дж. Тобин, В. Кириченко, В.О. Черковец, Е.Ю. Терещенко, Ю.К. Беседа эмгектеринде чагылдырылса, ал эми инвестициянын маңызы жана инвестициялардын мамлекет үчүн кошкон маанилүүлүгү боюнча В.Ф. Шарп, П. Фишер, А.М. Марголин, А.Я. Быстряков, А.С. Николаев, П.К. Ярмолин, И.А. Минаков, Л. Сабетова, А.М. Марголин, А.Я. Быстряков, Д.А. Ендовицкий, Н.Т. Куликова, М.Л. Петровдун эмгектеринде терендетилип изилденген.

Кыргызстанда жалпы эле айыл чарбасы жана анын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу багытындагы маселелерди изилдөөдө жана алардын чечилишине окумуштуу-экономисттер Т.К. Койчуев, Ш.М. Мусакожоев, А.О. Орузбаев, М.Б. Балбаков, Т.К. Камчыбеков, К.А. Абдымаликов, К.А. Атышов, Дж.С. Джаилов, Ж. Жумабаев, П.К. Купуев, ж.б. белгилүү салымдарын кошушкан.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын "Инвестициялар жөнүндө", "КРнын айыл чарбасынын өнүгүшү жөнүндө» мыйзамдарынын, КРнын 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын, КРнын Айыл чарбасын 2021-2025-жылдарда өнүктүрүү стратегиясынын, 2022-2026-жылдарга КРна инвестицияларды тартуу боюнча программанын о.э. башка илимий-изилдөө иштеринин жана мамлекеттик программалардын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты**. Диссертациялык иштин негизги максаты – Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл- чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1. Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун маңызын изилдөө жана мазмунун ачуу;
2. Реалдуу секторду өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду тактоо жана анын шарттарын аныктоо;
3. Реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдө калыптанган тажрыйбаларын ар тараптуу талдоо жана өлкөдө колдонуу жагын караштыруу;
4. Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалын, өнүгүү тенденциясын жана багыттарын комплекстүү талдоо;
5. Айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
6. Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясын негиздөө;
7. Айыл чарбасын инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн предмети жана объектиси**. Изилдөөнүн объектиси болуп КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугу эсептелет. Изилдөөнүн предмети катары КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана өнүктүрүү багыттары каралат.

**Изилдөө методдору.** Диссертациялык изилдөөдө жалпы экономикалык-статистикалык, математикалык моделдөө, монографиялык, салыштыруу, жалпылоо ыкмалары колдонулду.

**Изилдөө ишинин илимий жаңылыгы** катары интеграция шартында Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу багытында теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилденген иштин негизги илимий жыйынтыгы төмөнкүлөр:**

Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды; экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды; реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди; Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди; айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты; экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды; айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 18-апрелиндеги акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2024-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы”, ж.б. предметтерди окутууда, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштеринде жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл

чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча тиешелүү документтерди жана программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү:**

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар жана алардын негизинде иштелип чыккан теориялык жана практикалык сунуштар диссертациялык изилдөөнүн экономикалык маанисин толуктап, Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылып, анын натыйжалуулугун жана инвестициялык өнүгүүсүн арттырат. Жалпысынан алганда айыл чарба тармагында рыноктук талаптарга керектүү болгон тутумдар түзүлүп, анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатат, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу менен бирге эл аралык стандарттарга ылайык айыл чарба продукциясын чет өлкөлөргө экспорттоого жана калкты жумуш орундары менен камсыз кылууга шарт түзүлөт.

Диссертацияда сунушталган "2025-2035-ж.ж. КРнын айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн программасы" тармактын учурдагы жана келечектүү экономикалык өнүгүүсүнө таасир этүүчү негизги факторлорду аныктоого жана кыска мөөнөттөргө иш пландарды түзүүдө алардын таасирин тагыраак божомолдоого мүмкүндүк берет.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Автор Ош облусунун айыл чарбасынынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун теориялык-методологиялык жоболорун бир нукка салып, аны кыйла тереңдетип талдап, өлкөнүн бул тармагынын уюштуруу-экономикалык механизмин ишке ашыруу маселелеринин абалын изилдеп, өркүндөтүү жолдорун аныктап, узак мөөнөттүү инвестициялык өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыкты. Айыл чарба өндүрүүчүлөрү менен байланышкан башка тараптардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу, аймакта бул тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында заманбап агрардык инвестициялык-инновациялык кластерлерди түзүү сунушталды.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү статистикалык маалыматтардын, о.э. изилдөө учурундагы айыл чарба тармактарынан алынган практикалык материалдардын ишенимдүүлүгүнө жана пайдаланылган изилдөө методдорунун тууралыгына жана тактыгына негизделет.

**Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү** пайдаланылган баштапкы берилгендердин, статистикалык маалыматтардын ишенимдүүлүгүнө жана пайдаланылган изилдөө методдорунун тууралыгы жана тактыгына негизделет. Компьютердик программалык каражаттардын негизинде жүргүзүлгөн эсептөөлөр жогорку тактыкты камсыздайт.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы жана апробациялоо.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 15тен ашык илимий макалалар чыгарылган жана анын

жалпы көлөмү 6,25 басма табакты түзгөн. Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизинде чыгарылган жыйынтыктары бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда, экономикалык форумдарда, семинарларда баяндоолор жасалган. Жарыяланган материалдар диссертациялык изилдөөнү толугу менен чагылдырат.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тыянактан жана практикалык сунуштардан, 153 түрдүү аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, 4 тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 217 бетти түзөт, анын ичинде, 29 таблицаны, 23 сүрөттү камтыйт.

Илимий баяндамадан кийин изденүүчүгө бир катар суроолор берилип ага өз убагында канааттандыраарлык жооптор алынды.

**1. Усанова Ж. У., э.и.к., доцент:**

а) Сиздин диссертациялык ишиңизде кээ бир маалыматтар кызыгууну жаратты, мисалы, 2-баптагы 2.3.-таблицадагы тамеки өндүрүүнүн көлөмү акыркы жылдары төмөндөп кеткен, себеби эмнеде?

**Жооп:** Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Ош облусунда рыноктук конъюнктурага ылайыкташуу менен шартталган айрым айыл чарба өсүмдүктөрүнүн: дан өсүмдүктөрүнүн, май өсүмдүктөрүнүн жана тамекинин айдоо аянттарынын төмөндөө тенденциясы байкалган. Аларга караганда акыркы жылдары бакча өсүмдүктөрүнүн жана мөмө-жемиштердин көлөмү өскөнү байкалган.

б) Кыргызстанда ушул багытта изилденген эмгектерден сиздин эмгегиңиздин айырмасы кандай?

**Жооп**: Кыргызстанда айыл чарбасынын инвестициялык өнүгүү аспектинде кездешкен көйгөйлөр түрдүү аспектилерде ата-мекендик экономисттер тарабынан изилденип келе жатат. Айтсак Т.К.Койчуев, Ш. М. Мусакожоев, Т.К.Камчыбеков, А.К. Атышов, Дж. С. Джаилов ж.б. окумуштуулар орчундуу салымдарды кошушкан. Биздин иликтөөлөрдө теориялык-методикалык-методологиялык жана практикалык жактан системалуу талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин жана тармактын инвестициялык жактан өнүгүү программасын иштеп чыгуунун сапатын жакшыртууга багытталган практикалык сунуштарды иштеп чыгуу каралган.

**2. Жолдошов Б. Р., ОшТУнун доценти:**

а) Дыйкан фермерди окутуу жана кеңеш берүүнүн эң алгылыктуу формалары катары эмнелерди сунуштайсыз?

б) Мал чарбачылыгынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кандай иш-чараларды сунуштадыныз?

**Жооптор:**

а) Изилдөөдө дыйкан фермерди окутуу жана кеңеш берүүнүн эң алгылыктуу формалары катары төмөндөгүлөрдү сунуштадык:

- айыл чарба өндүрүшүндө заманбап билим жана илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды жайылтуу;

- айыл чарбасынын негизги тармактарындагы уюштуруу, экономика жана өндүрүш технологиясы боюнча өндүрүүчүлөргө кеңеш берүү;

- инвестицияларды киргизүү, интегралдык чынжыр боюнча өндүрүш чыгымдарын төмөндөтүү;

- инвестициялык иш – инвестицияларды өздөштүрүү – өндүрүмдү сатуу – айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;

- айыл чарба тармактарында моделдерди иштеп чыгууда экономикалык жана математикалык ыкмаларды колдонуу;

- өндүрүүчүлөрдү программалык чечимдер менен жабдуу;

- эл аралык Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу ж.б.

б) Изилдөөнүн негизинде мал чарбачылыгынын натыйжалуулугун жогорулатууда төмөнкү иш-чараларды сунуштадык:

- мамлекет тарабынан ири ассоциация, кооперативдер, коллективдик чарбаларды түзүүнү жөнгө салуу менен асыл тукумдуу малдарды, үй канаттууларын багып өстүрүү;

- ветеринардык-санитардык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу;

- жайыт пайдалануу көйгөйлөрүн чечүү;

- тоюттар, малдар, айыл чарба техникаларын сатып алууда жеңилдетилген насыя, лизинг жана субсидиялоо тутумун уюштуруу;

- мал чарбасынын өндүрүмдөрүн сатып алууда инфраструктура түзүмдөрүнүн ачык-айкын тутумун калыптандыруу;

- мал чарбачылыгынын сырьелорун өндүрүү жана аларды кайра иштетүүнү мыйзамдаштыруу боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу;

- уй, койлорду жасалма жол аркылуу уруктандыруу пункттарын түзүү;

- тоют базаларын чыңдоо жана кайра иштетүүчү субъекттерге жеткизүүдө транспорттук чыгымдарды азайтууну аткаруу.

**3. Ташбаев А. М., э.и.д., ОшТУнун профессору:**

Изилдөөңүздө математикалык моделдөөнүн негизинде облусттун региондук дүң продуктусунун көлөмүн көбөйтүү үчүн кайсы ыкма ыңгайлуу экенин тастыктадыңыз?

**Жооп:** Моделдик параметрлердин экономикалык чечмөөлөсү төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

- калкка микронасыя берүүнүн көлөмү 1 млн. сомго көбөйүшү Ош облусунда РДПнын орточо 0,201 млн сомго төмөндөшүнө алып келет;

- тике инвестициялардын агымынын 1 млн. АКШ долларына өсүшү Ош облусундагы РДПнын орточо 0,0272 млн. АКШ долларына өсүшүнө алып келет;

- экономикага насыяларды 1 млн. сомго көбөйтүү Ош облусу боюнча РДПнын орточо 17,751 млн. сомго көбөйүшүнө алып келет.

Жыйынтыгында, аймактын дүң продуктусун көбөйтүү үчүн насыя алууга караганда инвестиция тартуу натыйжалуу экенин далилдедик.

**4. Баймуратов А. А., э.и.к., ОшТУнун профессору:**

Изилдөөнүн негизинде алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгүн айтып бересизби?

**Жооп:** Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ош облусунун Кара-Суу районундагы Таширов атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы” ж.б. предметтерди окутууда, магистрлердин, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштеринде жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот.

Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча тиешелүү документтерди жана программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**5. Эргешов К. А., э.и.к.:**

Сиздин илимий ишиңизде теорияга кошкон салымыңыз кандай?

**Жооп:** КРнын экономикасынын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды жана такталды; бул сектордогу ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды; инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбаларынын приоритеттүү жактарын Кыргыз Республикасынын айыл чарбасында колдонуу негизделди; аймакта экспортко багытталган жана импорттун ордун алмаштыруучу өндүрүштү активдештирүү үчүн айыл чарбасындагы инвестицияларды мамлекеттик колдоонун, инвестициялык саясатты калыптандыруунун, стимулдаштыруунун жана ишке ашыруунун методологиялык негиздери жана механизмдери аныкталды.

**6. Ташибеков Т. Ч., э.и.к.:**

Диссертациялык изилдөөнүн негизиндеги айыл чарбасынын инвестициялык ишмердүүлүгүндө кайсы негизги көйгөйлөрдү аныктадыңыз?

**Жооп:** Диссертациялык изилдөөнүн Кыргызстандын, анын ичинде Ош облусунун айыл чарбасында инвестициялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча бир катар себептер менен толук кандуу иш чараларды алып барууга мүмкүнчүлүк берилбей келет. Аларга төмөндөгүлөр кирет:

- институционалдык жардам берүүнүн жана инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн адекваттуу тутумунун жоктугу;

- илимдеги төмөнкү натыйжалуулук жана анын өнөр жайдан ажырым болуусу;

- инвестицияларды өнүктүрүү боюнча инженердик жана техникалык кадрлардын ж.б. адистердин санынын аздыгы жана аларда даярдоо боюнча начар деңгээл;

- технологияларды коммерциялаштыруунун эффективдүү тутумунун жоктугу.

**7. Эргешова Ч. М., э.и.к.:**

Айыл чарбасында инвестицияларга тоскоолдук кылуучу негизги факторлор кайсылар?

**Жооп:** Изилдөөнүн негизинде айыл чарбасында инвестицияларга тоскоолдук кылуучу негизги факторлорго төмөнкүлөрдү белгиледик:

- өздүк каражаттардын жетишпестиги;
- мамлекеттик колдоонун төмөнкү деңгээли;
- айыл чарба ишканаларынын төмөнкү инвестициялык потенциалы;
- өзүн актоонун узак мөөнөттүүлүгү;
- жаңылык киргизүүлөрдүн жогорку наркы;
- технологиялар рыногунун жок болуусу.

**8. Эсенбаев Н.С., э.и.к.:**

а) Ош облусунун айыл чарбасында кандай ири аймактык агрокластерлерди түзсө болот?

б) Айыл чарбасында кластерди түзүүнүн артыкчылыгы эмнеде?

**Жооптор:**

а) Дыйканчылык боюнча мөмө-жемиш өстүрүү – уруктуулар (алма, алмурут, айва, анар ж.б.); мөмө-жемиш өстүрүү – данектүүлөр (чие, алча, абрикос, шабдалы, кара өрүк ж.б.); жашылчаларды ачык түрдө өстүрүү (помидор, бадыраң, калемпир ж.б.); жашылчаларды жабык түрдө өстүрүү (томат, бадыраң, калемпир ж.б.); картошка өстүрүү; бакчачылык (дарбыз, коон, ашкабак); дан эгиндер (арпа, күрүч, сулуу); пахта өстүрүү; жибек өндүрүү (тыт жибек көпөлөк); чанактуу дан эгиндер (соя, жасмык, сорго, буурчак, люпин, кой буурчак ж.б.); тоют даярдоо (люцерна, эспарцет, беде, жүгөрү) кластерлери каралган.

Ал эми мал чарбачылык кластери 11 КНЧ камтыйт: кой чарбачылык (таза салмакта); аары багуу; көлмө жана аккан суудагы балык чарбачылык; топоз чарбачылык; эт-жүн багытындагы кой чарбачылык; эт жана сүт багытындагы жылкы чарбачылык; канаттууларды багуу; эчки чарбачылык; эт багытындагы мал чарбачылык; сүт багытындагы мал чарбачылык.

б) Өлкөнүн экономикасында кластерлер түзүлгөндө анын эл аралык атаандаштык жөндөмдүүлүгү көбөйөт. Кластерди түзүүдө ага кирүүчүү бардык өндүрүштөр бири бирин колдойт жана байланыштардын бардык багыттары

боюнча кызыкчылык жогорулайт. Башка тармактын кластерге кирүүчү жаңы өндүрүүчүлөрү анын инновациялык-инвестициялык өнүгүүсүн тездетет.

Андан соң э.и.к., доцент М. Т. Зикираев сөздү рецензенттерге берди.

**1. Токторов Кубаныч Кадырмаматович – э.и.д., ОшМУнун профессору.**

Диссертациялык иштин темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жолдорун изилдөөгө арналган.

Дүйнө жүзү боюнча экономиканын өнүгүшүнүн азыркы этабында, өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда реалдуу секторлорго инвестицияларды тартуу актуалдуу болуп эсептелет. Бул көйгөйдүн курчтугу жана актуалдуулугу, биринчи кезекте, республиканын экономикасынын приоритеттүү тармагы болгон агрардык сектордо агроресурстук потенциалдын жетиштүү деңгээли топтолгонун көрсөтөт.

Албетте бул көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттик жөнгө салуунун орду аябай чоң жана колдоого муктаж.

Бул шартта Керимбаева Тынара Эркинбековнанын экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга арналган диссертациялык иши рынок экономикасынын шартында актуалдуу болуу менен маанилүү теориялык-методологиялык жана практикалык мааниге ээ.

Диссертациялык иштин темасы аткарылган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын мазмунуна толук дал келет. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы катары теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде алынган жыйынтыктар эсептелет. Бул багыттагы буга чейинки изилдөөлөргө жана чет элдик тажрыйбага изилдөөчү жетиштүү таянган. Мисалга алсак, жакынкы кошуна мамлекет болгон Кытай Эл республикасынын, Кореянын, Япониянын, Европа мамлекеттеринин тажрыйбасы кенен чагылдырылган. Дагы бир артыкчылыгы, “2025-2030-жылдарга Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасынын долбоору” сунушталган.

Белгилеп кетчү нерсе, диссертациялык иште кээ бир стилистикалык жана грамматикалык каталар кездешет. Ошондой эле коңшу өлкөлөр, Өзбекстан жана Таджикистандын, о.э. ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн айыл-чарбасынын мисалында инвестициялык иш аракеттердин маалыматын кенериээк чагылдырса болмок деп эсептейбиз. Диссертациянын практикалык баалуулугун кененирээк негиздеп көрсөтүү зарыл, инновацияларды кийирүүдөгү натыйжалуулук боюнча материалдар менен толуктап диссертациянын практикалык баалуулугун күчөтүүгө болот.

Бирок бул белгиленген кемчиликтерге карабастан, диссертациялык иш өз алдынча бүткөн эмгек болуп эсептелет жана жогорудагыларды эске алуу менен Керимбаева Тынара Эркинбековнанын “Экономиканын реалдуу секторунун

инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)” деген темадагы 08.00.05. – Тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кийинки этсптарга кароого сунушталат.

**2. Маметова Гүлназ Абдыкеримовна – э.и.к., доцент.**

Диссертациялык иштин темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат жана экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жолдорун изилдөөгө арналган.

Аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн инвестициялык жагымдуулугунун себептерин жана факторлорун аныктоо жана Ош облусунун шартында жогорулатуунун жолдорун негиздөө зарылдыгы диссертациялык изилдөөнүн темасын, анын максатын, милдеттерин жана жаңылыгын толук ырастайт.

Керимбаева Тынара Эркинбековнанын экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун жолдорун изилдөөгө арналган диссертациялык иши актуалдуу болуу менен манилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Диссертациялык иштин темасы өзүнүн максатына жетүү менен экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу көйгөйүн чечүүнүн жолдору сунушталган.

Изилдөөдөгү белгилеп кетчү нерсе катары 3-бөлүмдө экономикалык-математикалык методдорду колдонуу менен Ош облусунун региндук дүң продуктусуна айыл чарбасына болгон инвестициянын тийгизген таасиринин 2030-жылга прогнозу берилген, Ош облусунун 2025-2030-жылдарга айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасынын долбоору иштелип чыккан, айыл чарбасында мамлекет тарабынан инвестициялык жагымдуулукту жакшыртуу багыттары, өнүгүү стратегиясы, аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жолдору сунушталган.

Жогорудагы артыкчылыктарды белгилеп кетүү менен бирге диссертациялык иште кээ бир сунуштарды атап өтсөк болот:

- Диссертациялык иштин 1-бапта инвестициялык жагымдуулукту эсептөөнүн конкреттүү методологиясы толук кандуу берилген эмес;
- Ош облусунун конкретүү айыл чарба субъектисинин мисалында тартылган инвестициянын экономикалык натыйжасын эсептеп кетсе болмок.

Жогорудагыларды эске алуу менен Керимбаева Тынара Эркинбековнанын “Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)” деген темадагы 08.00.05. – Тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кийинки этаптарда кароого сунушталат.

**Талкууга катышышты:**

**1. Ташбаев Азизбек Мазанович, экономика илимдеринин доктору, бизнес информатика жана маалыматтык экономика кафедрасынын профессору, кафедра башчысы:**

Айыл чарбасы калкты азык-түлүк жана өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээли анын айыл чарбасынын канчалык өнүккөнүнөн көз каранды. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпысынан тармакта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүүдө. Ушуга байланыштуу аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн инвестициялык жагымдуулугунун себептерин жана факторлорун аныктоо жана Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Ошол себептүү бул диссертациялык иш етө актуалдуу болуп саналат. Диссертант инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу боюнча көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги багыттарын сунуштаган, ошондой эле бул тармактын укуктук нормаларына, мыйзамдарына таянып изилдеген. Диссертация иштеги 1-бап толугу менен жогорку деңгээлде жазылганын белгилеп кетти. Керимбаева Т.Э. тарабынан даярдалган илимий иш өз максатына жеткен иш катары баалап, кийинки этаптарга кароого жолдомо берүүнү сунуш кылды. Ошону менен катар бул тармактагы келип чыккан маселелерди изилдеп толуктоону белгилеп кетти.

**2. Баймуратов Абдимиталип Абдиллаевич, экономика илимдеринин кандидаты, экономика жана каржы кафедрасынын профессору:**

Диссертациялык иштин темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат жана экономикалык интеграция шартында Кыргыз Республикасынын Ош облусунун реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жолдорун изилдөөгө арналган. Андыктан бүгүнкү каралып жаткан диссертациялык иш өз убагында аткарылган илимий эмгек деп эсептейм. Диссертациялык иштин темасы өзүнүн максатына жетүү менен экономикалык интеграция шартында инвестициянын жагымдуулугун жогорулатуу көйгөйүн чечүүнүн системалуу жолдору сунушталды. Артыкчылыгы катары “2025-2030-жылдарга аймактын инвестициялык өнүктүрүү программасынын долбоорунун” сунушталышы да орундуу экендигин баса айткым келет. Бул багыттагы ишти, мындан ары да изилдөөлөрдү улантуу керек жана диссертациялык иши мындан кийинки этаптарга сунуштайм.

Талкуунун жүрүшүндө экономика илимдеринин кандидаттары, доценттер Усанова Ж.У., Умаров С.Б, Эргешов К.А. өз ойлорун айтышып ишти коргоонун кийинки этаптарына сунуштоону колдошту.

**Төрага М.Т.Зикираев:** Урматтуу коллегалар, башка жарыш сөзгө чыгуучулар жок болсо, анда сөздү аспирантка берели.

**Керимбаева Т.Э.:** Рахмат баарыңыздарга! Айтылган сунуштарды эске алабыз жана алардын үстүнөн иш алып барабыз.

**Төрага:** Рахмат, сунуштар түшүп жатат, процедура боюнча маселени добушка коемун.

Кимде ким аспирант Керимбаева Тынара Эркинбековнанын Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында) аттуу темада 08.00.05. – Тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишин берилген сын пикирлерди, сунуштарды эске алуу менен илимий ишти коргоонун кийинки этаптарына сунуштайбыз.

Макул: 17
Каршы: жок
Калыс: жок

Төрага: Рахмат коллегалар, анда 17 добуш менен өттү.

ОшТУнун "Экономика жана каржы" жана "Бухгалтердик эсеп жана аудит" кафедраларынын катышуусу менен 2024-жылдын 24-сентябрында өткөрүлгөн кеңейтилген кеңешмеси күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап ачык добуш берүүнүн негизинде

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т :**

1. Керимбаева Тынара Эркинбековнага 08.00.05. – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн сунуш кылынган "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" деген темада диссертациялык иши айтылган сын-пикирлерди, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу менен коргоого сунушталсын.

2. Керимбаева Тынара Эркинбековнанын "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" деген темадагы диссертациясын карого кабыл алуу Диссертациялык кеңеште 08.00.05 - тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн сунушталсын.

3. 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча кандидаттык экзамендин программасы бекитилди.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
Макул – 17, каршы – жок, калыс – жок.

**Кеңешменин төрагасы,**
**Экономика жана каржы кафедрасынын башчысы, э.и.к., доцент:** **Зикираев М. Т.**

**Кеңешменин катчысы,**
**ага окутуучу:** **Кадырова Т. К.**

24.09.2024-ж.

ИНН 02305199610027
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«24» 09 2024-ж.